# Кыргыз Республикасынын патенттик-техникалык китепканасы

**Справкалап-маалыматтап тейлөө бөлүмү**


# Кыргызстанда экономиканын өсүшүнө эмгек мигранттарынын акча которуудагы таасири

**Обзордук маалымат**


**Бишкек-2014**

Эмгек мигранттарынын акча которуусу боюнча Кыргызстан үчүнчү орунда турат. Гастарбайтерден түшкөн акчанын 29% тин республиканын ИДПсы түзөт. Бизден кийин эле Тажикстан жана Либерия турат. Бул жөнүндө маалыматты Кыргызстандагы Дүйнөлүк банк маалымдайт.

МПТКнын справкалык-маалыматтап тейлөө бөлүмү төмөнкү темада обзордук маалыматты даярдап чыгышты:

**«Кыргызстандын экономикасынын өсүшүнө эмгек мигранттарынын акча которууларынын таасири»**

Обзордук маалымат окурмандардын ийри чөйрөсүнө багытталган жана алардын суроо-талаптарына толук жооп берет деп ишенебиз.

Обзордук маалымат жергиликтүү басманын негизинде даярдалып, справкалык-маалымат материалдарын өз ичине камтып, төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

1.Глобалдуу миграция Латын Америка, Африка, Жакынкы Чыгыш жана КМШда.

2.Кыргыз Республикасында эмгек мигранрнтарынын көйгөйү жана келечеги.

3.Колдонулган адабияттарынын тизмеси.

Көрсөтүлгөн маалыматтар менен сиздер төмөндөгү адрес боюнча тааныша аласыздар: Бишкек шаары, пр.Эркиндик 58 «А» 221 бөлмө, тел.66-46-59 СМТБ.

**e-mail:** **gptbkr@rambler.ru**

Түзгөн: **Алымкулова А.А.**

Которгон: **Халилова Г.М.**

**Глобалдуу миграция Латын Америка, Африка, Жакынкы Чыгыш жана КМШ өлкөлөрүндө**

Акыркы жылдагы эл аралык маалыматтар боюнча глобализацияга ар кандай көз караштагы кызыгуулар жаралууда. Глобализация экономикалык көз караште караганда соода- сатык жагынан гана тез өнүкпөстөн эмгек мигранттарынын да кошкон салымы чоң. Мунун мааниси КМШ өлкөлөрүндөгү мигранттардын өсүүсү дүйнөлүк тенденцияга дал келет.

Мигрант-чыныгы корүнүш, дүйнөдөгү өлкөлөрдүн мүнөзү. Божомол боюнча жылдан- жылга эмгек мигранттарынын саны өсүүдө глобалдык мүнөздө жайылууда. Бул нормалдуу көрүнүш себеби ар бир өлкөдө арзан эмгек күчтөрү керек. Көп учурда убактылуу жана такай иштөөгө кетүүчү эмгек мигранттары экономикалык себептер менен жакшы жашоо үчүн, жакшы каражат табуу үчүн үй-бүлөсү менен өз өлкөлөрүн таштап кетүүдө. Мигранттардын агымы акча которуу агымы менен тыгыз байланышта. Официалдуу каттоо боюнча жылдык көлөм 100млр. АКШ долларын түзөт.

Белгилүү болгондой өнүккөн өлкөлөрдө мамлекеттик социалдык өнүгүшүнө акча которуу жолу негизги ролду ойнойт. Акча которуунун көлөмү өсүү менен бирге акырындык менен ал акчаны колдоонууга жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болууда. Адамдардын капиталына жана жергиликтүү инфраструктуранын өнүгүүсүнө, мигранттардын акча которуусу менен кошумча өлкөдө туризм, банктык секторлор, телекоммуникациялардын өсүүсү байкалууда. Акча которууда экономикалык ролду айрыкча калктын жер которуп, башка жакта иштеп кеткен өлкөлөрдө байкалууда.

Акча которууда экономикага кошкон салымы боюнча өлкөлөр арасында академик саясатчылар жана эл аралык уюмдарда чоң кызыгуу жаратууда. Акча которуулардын орду тышкы экономикалык өнүгүүнү каржылоодо маанилүү жана туруктуу булагы катары МБРР Global Development Financeнын 2003- жылдагы басмасында белгиленген жана аймактык өнүгүү банк катары кабыл алынган. Америка аралык өнүгүү банкы

(LADB) жана андагы эки тараптуу Каржылоо Фонду акча которуу боюнча чоң ири долбоорду анализдеп чыккан Латын Америка жана Кариб бассейиндери. Акыркы жылдары МОМ акча которуунун экономикага кошкон салымы боюнча каралган долбоорлорду колдоодо. КМШ өлкөлөрүндө жана анын ичинде Кыргыз Республикасында , дүйнөдөгү мигранттардын масштабынын өсүүсү акча которуу системасынын көбөйүшүнө алып келет. Алар дүйнө элдеринин 10% өсүүсүнө түздөн-түз таасир берет. Акча которуунун зарылчылыгы жакырчылыкты жоюу менен бирге өлкөнүн экономикасын жана инвестициянын өнүгүүсүнө таасири чоң.

2007-жылы мигранттардын акча которуусу боюнча эң чоң ири өлкөлөр болуп Азия-(S 114млр), Латын Америкасы жана Кариб деңизи-(S 68млр), Африка-(S 39млр), Жакынкы Чыгыш-(S 29млр). КМШ кээ бир өлкөлөрүнүн экономикасы айрыкча көз каранды. Акча которуунун көлөмү боюнча Тажикстан 36,7% ИДП (ички дүн продукция) Кыргызстан жана Молдова 31% ИДП. Акча которуу боюнча Россия эң чоң көрсөткүчтө (S 13,7млр).

Бул анча-мынча мигранттардын акча которуудагы көрүнүштүн-1,4% бөлүгү.

Маалымат базасынын начардыгы жана шайкештүү иштерди жүргүзүүнүн жоктугу жаңы шарттарга ылайыкташуу механизими белгилүү бир деңгээлде КМШ өлкөсүнүн аймактарынын жетекчилери тарабынан жана илимий коомчулук тарабынан да эске алынган.

Эмгек мигранттарынын саны боюнча берилген маалыматтарга салыштырмалуу төмөн жана ишеничсиз болсо да КМШнын чакан өлкөлөрүндө экономиканын көлөмү жана бул өлкөнүн карамагындагы башка чет элдик валюталардын көлөмү боюнча салыштырууда акча которуунун көлөмү бир топ маанилүү экендигине толук негиз бар.

Россиядан КМШ өлкөлөрүнө акча которуу көлөмү 2009- жылга салыштырмалуу 20% өсүүдө. Россиядан чет жака которуулардын саны өсүү менен бирге кризистик деңгээлдин жоюулуусу сезилет. Мигранттардын агылуусу кризистен чыгуунун жолдору.

Кытайдан, Украинадан, Россиядан келген мигранттар активдүү. Борбордук Банктан белгилүү болгондой 2010- жылдын II кварталында Россиядан КМШ өлкөлөрүнө физикалык система аркылуу которуулардын көлөмү боюнча 2,54 млр, АКШ долл. 20% жогорку көрсөткүчтө өткөн жылга салыштырмалуу 2,115 млр, АКШ долл. КМШ өлкөлөрүнө которууда Украина 40% , Өзбекстан 34% , Кыргызстан 20% өскөн. Россиядан Кытайга акча которуунун саны 57% ке өскөнү байкалат.

Эксперттердин айтууларына караганда Россияда соода-сатык жана курулуш боюнча жумуш деңгээли жандануууда. Ушул эле көрүнүш Санкт-Петербургдагы жана Сочидеги курулуш обьектилери кытай жумушчуларын кызыктырууда. Белгилүү болгондой Черкизевский базары жабылса да жумуш мигранттары жоюлбай кармалууда.

Жыйынтык боюнча Россиядан өз өлкөсүнө эң көп которгон атуулдар бул:Украина, Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстан.

Россиядан КМШ өлкөлөрүнө которууда 68% 2,5 млр АКШ долл. түзөт.

Бир эле которууда эң чоң сумманы түзгөн өлкөлөргө (өнүккөн мамлекеттерди эске албаганда) Вьетнам жана Кытай орточо эсеп менен 2,1 миң АКШ долл., 2,2миң АКШ долл. андан кийин эле ОАЭ жана Турция 1,6миң жана 1,1миң АКШ долл. киргизген. Ал эми КМШ да алдыңкылары болуп Азербайжандан жана Армениядан 606 АКШ долл жана 568 АКШ долл, Беларусиядан жана Тажикстандан 232 АКШ долл, 364 АКШ долл.которулган.

Мурдагы совет өлкөлөрүнүн ичинен Казакстан республикасы бөлүнүп турат. Себеби, Россиядан Казакстанга эмес Казакстандан Россияга которуулардын көлөмү көбүрөөк болууда. БУУнун берген баасы боюнча чет жактан келген жумушчулардын саны Россияда 2013- жылы 11млн. түзгөн. Акыркы төрт жылдын ичинде бул өлкөгө болгон жумушчулардын агымы 37% түзгөн.

Россия өлкөсүнүн экономикасы жумушчулардын эмгегине көз каранды. Алардын аманаттары ички дүң продукциясынын 15% дан 20%

чейинин түзөт. Мисалы, КМШ өлкөлөрүнүн жумушчулары өз өлкөсүнө ( 21 млрд АКШ долл) ал эми Россия өлкөсүнүн бюджетин 400 млрд. АКШ долл. кеңейткен. Эмнеси кызык 2013 жылы эмгек мигранттарынын которуу көлөмү Россияда 5,7 млрд АКШ долл. бааланган.

Казакстан өлкөсүнө Орто Азиядан жыл сайын 200миң адам официалдуу түрдө ал эми официалдуу эмес 500 миңден 1млн. чейин келет.

## Кыргыз Республикасында эмгек мигранттарынын көйгөйү жана келечеги.

Кыргыз Республикасы көз карандысыз болгондон бери дүйнөлүк эмгек базарына чыгууга мүмкүнчүлүктөр кеңейтилди. Мекендештерибиз өзүнүн билимин, эмгек жолун Россияда, Казакстанда, Кореяда, Араб Эмираттарында улантышууда.

Жумушчу күчүн экспорттоо Кыргызстан үчүн ички эмгек базарынын абалын жумшартууга, квалификациясын жогорулатууга, тил үйрөнүүгө, тажырыйба алмашууга ошондой эле валютанын көбөйүүсү жакшы болмок.

Бүгүнкү күндө мекенден сырткары жерде миңдеген кыргызстандыктар, ар бир төртүнчү үй-бүлөнүн бирөөсү сырт жакта эмгектенет. Мигранттар бир квартирада ондоп баш калкалап , эч бир кыйынчылыкка карабай эмгектенип үй-бүлөсүн багып акча которууда.

Азыркы учурда эмгек мигранттарынын акча которуусу Республика үчүн чоң роль ойноодо, мамлекеттик бюджет өсүүдө , жеке секторлор, үй-бүлөлүк мамиле жана башка көптөгөн социалдык экономиканын жакшыруусу байкалууда. Бүгүнкү күндө акча которуудагы экономикага болгон таасири жана каржы секторлордун өсүүсү аз болууда. Тажырыйба көрсөткөн маалыматтар боюнча которуулар Кыргыз Республикасында начар болууда жана көп суроолор жоопсуз ачык калууда.

Акча которууда официалдуу агым болуп Кыргыз Республикасындагы Улуттук банк эсептелет (КРУБ). Эл аралык валюта фондунун макулдугу менен акча которуулардын баасы үч компоненттен турат:

а  - эмгек акы.

б – жумушчулардын акча которуусу.

в –мамлекеттик бюджет төлөмдөрү миграция менен байланышкан.

Мигранттардын акча которуусу 2002-2007жж. жогорулаган. Орто эсеп менен которуу агымдары жыл сайын эки эселеп өсүүдө.

Акча которууда үч формалдык канал бар.

а –акча которуу уюмдары

б –банктык эсептер

в – Кыргыз почтасы аркылуу которуу.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын берген маалыматы боюнча баардык акча которуулардын  95% зы Кыргызстанга  АКО аркылуу келет. Кыргызстан үчүн негизги акча которуулардын булагы болуп Россиядан жана  АКШдан келет.

2005-2007 жж. акча которууда Россиядан которуулардын проценти өсүп ал эми АКШдан болгон которуулар төмөндөгөн.

Которуулардын үчүнчүсү жана төртүнчүсү болуп Казакстан жана Англия, биргелешип камсыздандуруудан 3 % жана жалпы суммадан 1% зы которулган.

Акыркы  жылдардагы акча которуулардын саны өсүү менен бирге азыркы убакта чет элдик валюталардын көбөйүүсү жана товарлардын экспорттолушу байкалууда. Кыргыз Республикасынын кичинекей экономикасы биздин көз караш менен караганда сырткы агымдардын көбөйүшү менен экономикабыздын өскөнү байкалууда.

Азиялык Өнүктүрүү  Банкынын долбоору боюнча акча которуулардын көбүрөөк бөлүгүн үй-кожейкелери иштетет. Макроэкономикалык көз караш менен караганда менчик керектөөлөр которуулардын агымы менен тыгыз байланышта. Статистикалык анализ көрсөткөндөй оң жана терс жактары тыгыз байланышта. Ички дуң продукциясын көбүнчө менчик ишканалары түзгөндөй которууларда да ИДПнын өсүүсүнө  кайчылаш оң жана терс таасирин тийгизет.

Которуулардын агымы өлкөдөгү акчалардын бат көбөйүүсүнө алып келди. Белгилеп кеткендей 2007 жылы акчанын бат өсүүсү ( орточо эсеп менен 31,5% жылына) инфляцияга алып келген жок. Орто эсеп менен инфляциянын өсүшү 2002-2006 жж. 4% зын түзгөн.

Калктын жыйган жана ички экономикалык трансакциядан чет элдик валютаны сомго алмаштыруу экономикалык ишкердүүлүк субъектилердин ортосундагы акчалай эмес көлөмдөрүн төмөндөтүү каржы базарын тереңдетүү менен акча көлөмүнүн өсүүсү акчага суроо талаптын өсүүсүнө байланыштыруу керек.

Ушундай жол менен берилген анализдер боюнча, мигранттардын которуу агымдары Кыргызстандын экономикасында ИДП өсүүсүнө кошкон салымы чоң.

Сырткы эмгек мигранттары Кыргызстанда көз карандысыз визит карточкасы болуп калды. Орто Азиянын ичинен Кыргыз мигранттары башка мигранттарга караганда элиталык болуп эсептелинет. Эреже боюнча Кыргызстандык мигранттар орус-тилин билип эркин акценти жок сүйлөй алышат, билимдери бар жана эмгек тажырыйбалары менен башка өлкөнүн мигранттарынан өзгөчөлөнүп турушат.Ушул өзгөчөлүктөрү эмгек базарында айлыгы көп жогорку жумушка орношууга эшик ачат.

Кыргызстандыктар көбүнчө супермаркеттерде, ооруканаларда, мейманканаларда, курулуштарда иштешет. Ошол себептен Россиядагы жумуш берүүчүлөр Кыргызстандыктарды көбүрөөк алышат. Ал эми башка өлкөнүн мигранттарын үйрөтүүгө туура келерин айтышат. Мигранттардын ичинен кыргыз аялдары басымдуурак кылышат. Муну менен башка өлкөлөргө Тажикстан Өзбекстанга салыштырмалуу Кыргызстанда аялдар менен эркектер тең укуктуу экендиги белгилүү.

Жумушчу кучтөрүн экспортоо Кыргызстанда социалдык-экономиканын өнүгүшүнүн негизги булагы болуп калды. Ошону менен бирге мигранттар өзүнүн гана күчүнө таянышат. Элди жумушка орноштуруу жана

мигранттардын укугун коргоо бөлүмү эртеби, кечпи көйгөйлөрдү чечүүсү зарыл.

Россия Федерациясынын территориясында жүрүүнүн тартибин жана жумуштагы укуктары жөнүндө элге маалымат берүүсү керек.

Евразия өнүгүү банкынын берген маалыматы боюнча азыркы учурда жашы 35ке жетпеген Чүйдөн, Оштон, Жалал-Абаддан, Баткенден эмгек мигранттары көбөйүүдө. Себеби чет жакта урук-тууганадары, жердештери, достору иштээри маалым.

Чет жака иштеп кеткендердин саны көбөйүүсүнүн себеби акча каражаты жетишпегендиги, жумуштун жоктугу, жашоо шарттарынын начардыгы түрткү болууда. Экинчи жагынан караганда чет жакта жүргөндө өз укуктарын билбегендиги, орус тилин жакшы өздөштүрбөгөндүгү, билим деңгээлинин начардыгынан жумуш учурунда көп басмырлоолорго дуушар болушат.

Мигранттардын Кыргызстан үчүн болгон жакшы жактары бул акча которуулары. Маалыматтарга караганда мигранттардын 40% өз өлкөсүнө эмгек акысынын жарымын жөнөтүшөт же болбосо айына 200 жана 500 АКШ долларын салышат. Ушуну менен бирге өлкөбүздө кичи ишкердиктин өнүгүүсү, соода-сатыктардын көбөйүшү байкалууда.

Изилдөөлөр боюнча өлкөбүздүн жарандарынын 44% Россияда көпкө чейин иштөөнү пландоодо, ал эми Казакстанда болсо 33%, 6% жана 9% башка өлкөдө калаарын маалымдашкан.

Мигранттардын өз өлкөсүнө кайтуусуна биринчиден үй-бүлөсү түрткү болот, экинчиден тапкан акчасына мекенинде ишкердик кылууну пландагандар кирет.

Россиядагы кыргыз мигранттарынын шарттарын жакшыртуу үчүн бажы союзуна кирүүсү керек. Ал үчүн мигранттардын эркин аралашуусу жана Евразиялык экономикага кошулуусу зарыл. Россияда расмий эмес 10 миллион чет элдик мигранттар эмгектенет.

Россия Федералдык миграциянын Кыргызстандагы жетекчиси Владимир Филипповдун сөзүнө караганда Кыргызстанга бөлүнгөн квотадан ашып кеткендигин айтат. Официалдуу түрдө тогуз ай ичинде 133,5 миң Кыргызстандыктар Россияга мүмкүнчүлүк алган. Анын ичинен 70% зы Москва шаарында калган 15% Россиянын башка областарында жайланышкан.

Кыргызстандагы премьер-министирдин кеңешчиси Олег Панкратов белгилегендей, Кыргызстанда жогорку айлык акылары менен жумуш орундарды көбөйтүп мигранттардын санын кыскартууга болот. Ал үчүн мамлекетибизде жаңы жумушчу орундарды жогорулатып экономикабызды өнүктүрүшүбүз керек дейт Олег. Ошондо гана мигранттардын чет өлкөлөргө кетпей өз өлкөбүздө калып эмгектенүүгө болот. Ишканаларды калыбына келтирүү үчүн инвесторлор керек. Мисалы, Россия өлкөсү мындай нерсеге акча сарптоого даяр.

Саясатчы башкы редактор Кыргызстандагы аймактардын ресурстар боюнча тандалма баа берүүчү аналитиги Игорь Шестаковдун айтуусу боюнча, Кыргызстандын экономикасына акча сарптаган адам өз мекенибиздин атуулу болуусу абзел.

Жаңы инвесторлорду табышыбыз керек деп көп эле айтылат, бирок аларды издөөнүн кажети жок. Чет жактагы биздин мекендештерибиз Кыргызстандан кеткенден кийин ал жакта иш тажырыйбасын өстүрүп ишкердик менен алектенишет. Ошондой мекендештерибизди чакыруу керек, себеби алардын өз өлкөсү жөнүндө маалыматы кенен. Бирок кеп башка суроодо болуп жатат: алар макулбу жана бул оюндун шарттары канааттандырабы?- дейт Шестаков.

Азыркы учурда ар кандай тегерек столдор ишкерлер-форуму мигранттардын көйгөйлөрү тууралуу сунуштар айтылууда. Болгону бул ойлор иш жүзүнө ашабы же Кыргызстан мурдагы абалы боюнча калабы деген суроолор туулууда.

2013- жылдын август айында Стамбул шаарында II Дүйнөлүк ишкерлер-форуму болуп өттү. Ошол форумда Кыргызстандын экономика министри Темир Сариев белгилеп кеткендей: форумду өткөрүү идеясы жана баардык демилгелер биздин мекендештер менен тыгыз байланышканын жогору баалады. Азыркы убакта Кыргызстандыктарды дүйнөнүн булуң-бурчунан табууга болот, мекендештерибиз баардык өлкөлөрдө жашап, окуп, иштеп да калышкан.

Дүйнөдөгү глобалдуу экономиканын өнүгүүсү менен мигранттык процестин өсүүсү күтүлүүдө жана паспорттогу «жараны» деген белги «дүйнө адамы» деп өзгөрүүсү алыс эместир.

Министр баса белгилегендей эмгек мигранттарынын көбөйүүсүнүн жакшы жагы эл аралык катнаштарды бекемдейт, жаштардын билими өсөт, андан сырткары өз мекенине акча которуулары жогорулайт, бул көрсөткүч жыл ичинде 2млн. АКШ долларын түздү.

Ошону менен бирге эле экинчи кемчилиги, мигранттардын агымынын көбөйүүсү тынчсыздандырган дабыш жана күзгүдөй чагылдырылган айкын көрүнүш келечектеги экономикага жана эмгек базарына жакынкы келечекте адистештирилген кадырлардын жетишсиздиги республика үчүн коркунуч туудурат. Ошол себептен өлкөнү өнүктүрүү үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Силер которууну канцалидациялоо менен бүтүндөй инвестициянын ири долбоорлорун ишке ашырууга жардам бересиңер.

Өкмөттө биздин мигранттар үчүн инвестиция тартуу мүмкүнчүлүктөрүн берүү мурдатан эле сүйлөшүлүп келет. Формалары ар кандай. Маселен, максаттуу пайлык инвестиция фонду ири компаниялардан « Элдик IPO өткөрүү же мамлекеттик баалуу кагаздардын жаңы түрлөрүн чыгарууну экономика министири тактайт.

Азыр өлкөдө жаңы миграциялык саясат иштелип чыгууда. Анын авторлору чечилбей келаткан маселелерди чече алышына ишенебиз. Мигранттардын бардык маселелерин чече алышпаса да, алардын жашоосун бир канча жеңилдетишет.

# Колдонулган адабияттардын тизмеси:


1. Афанасьева Е. Миграция в Кыргызстане: мифы и реальность // Финансист.-2013.-№35.-3.б
2. Беспалов Д.А. Анализ денежных переводов трудовых мигрантов и их влияние на уровень ВВП в Кыргызской Республике// Вестник КРСУ.-2009.-Т.9,№8.-36-38.б
3. Беспалов Д.А. Влияние денежных переводов трудовых мигрантов на социально-экономическое положение в Кыргызской Республике // Вестник КРСУ.-2009.-Т.9,№8.-33-35.б
4. Встреча с соотечественниками. Около миллиона кыргызстанцев работают за границей // Слово Кыргызстана.-2013.-10 сентябрь.-6.б
5. Гастарбайтеры возвращаются в Россию // Финансист.-2010.-№17.
6. Ж. Зайончковская: Кыргызстанские мигранты – самые элитные // Деловой собеседник.-2014.-№40.- 36-37.б
7. Ковшова И. Рыба ищет где глубже, а человек- где лучше ( Гастарбайтеры домой не рвутся) // Слово Кыргызстана.-2014.-19 февраля.-.12.б
8. Лунева Г. Деньги трудовых мигрантов. Как их использовать? // Слово Кыргызстана.-2012.-14 ноябрь.- 6.б
9. Шаболотова А. Т. Проблемы и перспективы трудовой миграции в кыргызско-российских отношениях. Автореферат дисс.на соиск. учен. степени д-ра полит. наук.-Б.-2012.- 3, 20.бб.